**С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети**

**Чет тилдер жана компьютердик системаларды программалоо колледжи**

**«БЕКИТЕМИН»**
Академиялык иштер боюнча проректор
_____________________ **К.О. Омурова**

**ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НЕГИЗГИ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ**

**Даярдоо багытынын (адистиктин) коду жана аталышы:** 100105 Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу

**Бүтүрүүчүнүн квалификациясы:** Менеджер

**Окутуунун формасы:** Күндүзгү

Нарын 2025

**100105 Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу багыты боюнча 2022-жылдын 10-майындагы №863/1 буйругу менен бекитилген Орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты (ОКББ МББС)**

Авторлор:

директ. орун басары _______ Эшенкулова А.К.
(окумуштуулук наамы, илимий даражасы) (колу) ААА

цикл башчы _______ Болотбек у. А.
(окумуштуулук наамы, илимий даражасы) (колу) ААА

окутуучу _______ Исмаилова Г.С.
(окумуштуулук наамы, илимий даражасы) (колу) ААА

окутуучу _______ Жыргалбекова Ж.Ж.
(окумуштуулук наамы, илимий даражасы) (колу) ААА

окутуучу _______ Исмаилова С.
(окумуштуулук наамы, илимий даражасы) (колу) ААА

окутуучу _______ Самыкова Н.Н.
(окумуштуулук наамы, илимий даражасы) (колу) ААА

1. Колледждин Педагогикалык кеңешинин жыйынында жактырылган, протокол № 5
"14" январь 2026-жыл.

Колледждин окуу иштери боюнча директордун орун басары

директ. орун басары _______ Эшенкулова А.К.
(окумуштуулук наамы, илимий даражасы) (колу) ААА

2. 100105 Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу багыты боюнча негизги кесиптик билим берүү программасы (НКБП) негизги иш берүүчүлөр менен **МАКУЛДАШЫЛДЫ**

Конокчулук кеңешинин бөлүмүнүн адиси _______ Сатыбалдиева С.Л.
(должность, ученое звание, ученая степень) (подпись) ФИО

(место для печати, печать организации)

3. Негизги кесиптик билим берүү программасы 100105 Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу багыты боюнча ОКББ МББСтын талаптарына **ШАЙКЕШ КЕЛЕТ**.

Директор _______ Б. Осмонова

мазмуну


1. Жалпы жоболор....................................................................................................................4
2. Нормативдик документтер...................................................................................................4
3. Негизги терминдер жана кыскартуулар................................................................................4
4. 100105 Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу адистиги боюнча нкбпнын жалпы мүнөздөмөсү ......................................................................................5
5. ОКББ НКБПны өздөштүргөн бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн мүнөздөмөсү (модель) ....................................................................................................................6
6. НКБПны өздөштүрүүнүн натыйжаларына коюлуучу талаптар ..........................................8
7. Бүтүрүүчүлөрдүн жалпы маданий компетенцияларынын өнүгүшүн камсыз кылган колледждин социалдык-маданий чөйрөсүнүн мүнөздөмөсү.................................................9
8. ОКББ НКБПны ишке ашырууда билим берүү процессинин мазмунун жана уюштурулушун жөнгө салуучу документтер...........................................................................10
9. Дисциплиналардын жумушчу программалары.................................................................13

1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

С. Нааматов атындагы НМУнун «Чет тилдери жана компьютердик системаларды программалоо» колледжинде ишке ашырылуучу 100105 Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн адистерин даярдоонун негизги кесиптик билим берүү программасы (НКБП) Кыргыз Республикасынын ОКББ Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде жана эмгек рыногунун талаптарын эске алуу менен өз алдынча иштелип чыккан документтердин тутумун билдирет.

2. НОРМАТИВДИК ДОКУМЕНТТЕР

Ушул ОКББ НКБПда төмөнкү негизги нормативдик документтер колдонулат:

- Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы № 179 «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Кабинетинин Министрлигинин 2025-жылдын 10-июнундагы № 329 «Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салуучу жогорку жана орто кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө» токтому;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 10-майындагы №863/1 буйругу менен бекитилген 100105 Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты;
- 2022-жылдын 10-майындагы №863/1 буйругунун 8-тиркемесине ылайык Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү уюму жөнүндө жобо;
- С. Нааматов атындагы НМУнун 2025-жылдын 13-майындагы №496/1 Уставы;
- 2025-жылдын 28-августундагы №1 «Чет тилдер жана компьютердик системаларды программалоо» колледжи жөнүндө жобо;
- Колледждин башка ички ченемдик актылары.

3. НЕГИЗГИ ТЕРМИНДЕР ЖАНА КЫСКАРТУУЛАР

**3.1. Негизги терминдер** Бул НКБПда төмөнкү терминдер колдонулат:

- **Дисциплиналар цикли** – билим берүү программасынын бир бөлүгү же окутуунун жана тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык бүтүндүккө ээ болгон окуу дисциплиналарынын жыйындысы;
- **Модуль** – окуу дисциплинасынын бир бөлүгү, ал окутуунун жана тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык бүтүндүккө ээ;
- **Компетенция** – тийиштүү чөйрөдө кесиптик ишмердүүлүк менен алектенүү үчүн зарыл болгон жеке сапаттардын, билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн динамикалык айкалышы;
- **Кредит (зачеттук бирдик)** – негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугунун шарттуу өлчөмү.
- **окутуунун натыйжалары** – негизги билим берүү программасын/модулду окуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар.

### 3.2. Кыскартуулар

Бул документте төмөнкү кыскартуулар колдонулат:

| Кыскартуу | Толук аталышы |
|---|---|
| КР ИЖБИМ | Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги |
| МББС | мамлекеттик билим берүү стандарты |
| ОКББ | орто кесиптик билим берүү |
| НКБП | негизги кесиптик билим берүү программасы |
| ECTS | кредиттерди которуунун жана топтоонун европалык системасы |
| ОМК | окуу-методикалык комплекс |
| БФ | баалоо каражаттарынын фонду |
| КТО | кредиттик технологиясы менен окутуу |
| МБРС | модулдук баллдык-рейтингдик система |
| ЖАК | жыйынтыктоочу аттестациялык комиссия |
| ЖК | жалпы компетенциялар |
| КК | кесиптик компетенциялар |

## 4. 100105 МЕЙМАНКАНАЛАРДА ЖАНА ТУРИСТТИК КОМПЛЕКСТЕРДЕ ТЕЙЛӨӨНҮ УЮШТУРУУ АДИСТИГИ БОЮНЧА НКБПНЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

### 4.1. НЕГИЗГИ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН МАКСАТЫ (МИССИЯСЫ)

Адистиктин миссиясы — мейманкана-туристтик чөйрөсү үчүн тейлөөнүн жогорку деңгээлин камсыз кыла алган, меймандостук индустриясын өнүктүрүүгө жана Кыргызстандын туристтик потенциалын эл аралык деңгээлде таанытууга салым кошкон орто звенодогу жоопкерчиликтүү адистерди даярдоо. Студенттердин конокторду тейлөө, мейманкана жана туристтик комплекстерди башкаруу чөйрөсүндө кесиптик билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандыруу, ошондой эле меймандостук маданиятын, коммуникабелдүүлүктү жана туруктуу өнүгүүгө умтулууну тарбиялоо.

**ОКББ НКБПнын максаттары** 100105 «Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу» адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттары:

- **Окутуу тармагында:** Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу боюнча орто звенодогу квалификациялуу адис-менеджерди даярдоо. Ал конокторду тосуп алууну, тейлөөнүн ар кандай формаларын жана ыкмаларын колдонууну, мейманканаларда, конок үйлөрүндө, туристтик комплекстерде тейлөө процессин уюштурууну, тематикалык кечелерди өткөрүүнү, мейманкана кызматтарынын ишин уюштурууну билиши керек.
- **Инсанды тарбиялоо тармагында:** Студенттердин социалдык-инсандык сапаттарын калыптандыруу: максатка умтулгандык, уюштуруучулук, эмгекчилдик, жоопкерчилик,

жарандуулук, коммуникативдүүлүк, толеранттуулук, жалпы маданиятты жогорулатуу ж.б.

**а. ОКББ НКБПнын кыскача мүнөздөмөсү**

- **Бүтүрүүчүлөргө берилүүчү квалификация:** Менеджер
- **Даярдоо багытынын (адистиктин) коду жана аталышы:** 100105 – «Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу»

ОКББ НКБП аталган даярдоо багыты боюнча максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, мазмунун, билим берүү процессин ишке ашыруу шарттарын, бүтүрүүчүнү даярдоо сапатын баалоону жөнгө салат жана өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: календардык окуу графиги, окуу планы, дисциплиналардын (модулдардын) жумушчу программалары, окуу жана өндүрүштүк практикалардын программалары, ошондой эле билим алуучуларды даярдоо сапатын жана тийиштүү билим берүү технологиясын ишке ашырууну камсыз кылган методикалык жана башка материалдар.

**б. НКБПнын негизги көрсөткүчтөрү**

Окутуунун ченемдик мөөнөтү:

- ***Жалпы орто билим берүүнүн базасында (11-класс)*** – 1 жыл 10 айдан кем эмес;
- ***Негизги жалпы билим берүүнүн базасында (9-класс)*** – 2 жыл 10 айдан кем эмес.

**Окутуунун формасы: күндүзгү**

**Эмгек сыйымдуулугу** – күндүзгү окуу формасы боюнча ОКББ НКБПнын эмгек сыйымдуулугу 120 кредиттен (зачеттук бирдик) кем эмес түзөт. Бир окуу семестринин эмгек сыйымдуулугу (окуу процесси эки семестрлик тартипте уюштурулган учурда) 30 кредиттен кем эмес. Бир кредит (зачеттук бирдик) студенттин окуу ишине (аудиториялык, өз алдынча иштерди жана аттестациянын бардык түрлөрүн кошкондо) 30 саатка барабар.

5. ОКББ НКБПны өздөштүргөн бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн мүнөздөмөсү (модель)

**5.1. Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн чөйрөсү** 100105 «Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу» адистигинин бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердүүлүк чөйрөсү мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу боюнча кызмат көрсөтүүнүн түрлөрү менен байланыштуу. Ал коноктордун реалдуу жана болжолдонгон муктаждыктарын канааттандырууга багытталган жана кесиптик ишмердүүлүктүн төмөнкү түрлөрүн камтыйт:

- мейманкана кызматтарын брондоо (брондоо);
- конокторду кабыл алуу, жайгаштыруу жана чыгаруу;
- жашоо процессинде конокторду тейлөөнү уюштуруу;
- мейманкана продуктусун сатуу.

**Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн объектилери**

- мейманкана продуктусун керектөөчүлөр (коноктор);
- мейманканалар жана туристтик комплекстер, санаториялык-курорттук ишмердүүлүк объектилери, коомдук тамактануу, эс алуу ишканалары жана башка жайгаштыруу объектилери;
- негизги жана кошумча кызматтарды камтыган мейманкана продуктусу;
- мейманкананын жана башка жайгаштыруу объектилеринин иштешин камсыз кылган техникалар жана жабдуулар;
- брондоонун жана мейманкана ишмердүүлүгүндө тейлөөнү уюштуруунун маалыматтык ресурстары.

**5.2. Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү**
Бүтүрүүчү даярдала турган кесиптик ишмердүүлүктүн түрлөрү орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу окуу жайлар тарабынан кызыкдар иш берүүчүлөр менен бирдикте, улуттук квалификациялык алкактарга жана кесиптик стандарттарга ылайык иштелип чыккан билим берүү программасынын мазмунун аныктоого тийиш.
**Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү:**

- **Уюштуруучулук-өндүрүштүк ишмердүүлүк** (конокторду кабыл алуу жана жайгаштыруу кызматынын ишин уюштуруу жана көзөмөлдөө; мейманкананын же туристтик комплекстин бөлүмдөрүнүн ишин координациялоо).
- **Административдик-башкаруу ишмердүүлүгү** (тейлөө кызматынын персоналын башкаруу; бөлүмдөрдүн ишинин натыйжалуулугун пландоо, эсепке алуу жана талдоо; иш кагаздарын жана отчеттуулукту жүргүзүү; ишкананын маркетингдик жана жарнамалык ишмердүүлүгүнө катышуу).
- **Тейлөө (сервистик) ишмердүүлүгү** (жайгаштыруу, тамактануу, эс алуу жана кошумча сервистик кызматтарды көрсөтүү; туристтик топторду жана жеке кардарларды тейлөөнү уюштуруу; конокторго туристтик маршруттар жана кызматтар боюнча кеңеш берүү; тейлөө процессиндеги конфликттик жана стандарттуу эмес кырдаалдарды чечүү).
- **Маалыматтык-коммуникациялык ишмердүүлүк** (мейманкана бизнесинин заманбап брондоо технологияларын жана маалыматтык системаларын колдонуу; мейманкана жана туристтик кызматтарды интернет жана социалдык тармактар аркылуу алдыга жылдыруу.)
- **Ишкердик ишмердүүлүк** (мейманкана жана туристтик тейлөө чөйрөсүндө өздүк чакан бизнести уюштуруу; туристтик продуктуларды жана кызматтарды иштеп чыгуу; аймактык жана эл аралык туристтик долбоорлорду ишке ашырууга катышуу.)

**5.3. Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн милдеттери**
Бүтүрүүчү ишмердүүлүктүн түрүнө жараша төмөнкү кесиптик милдеттерди чече билиши керек:

- **Уюштуруучулук-өндүрүштүк ишмердүүлүк чөйрөсүндө:** (мейманкана жана туристтик объекттердин конокторду кабыл алууга жана тейлөөгө даярдыгын камсыз кылуу; кардарларды кабыл алуу, жайгаштыруу жана тейлөө боюнча эсепке алуу-отчеттук документтерди тариздөө жана жүргүзүү.)
- **Административдик-башкаруу ишмердүүлүгү чөйрөсүндө:** (тейлөө кызматынын персоналынын ишин пландоо жана уюштуруу; эмгек жана өндүрүштүк тартиптин сакталышын көзөмөлдөө; ишкананын баа жана маркетинг саясатын иштеп чыгууга катышуу.)
- **Тейлөө (сервистик) ишмердүүлүгү чөйрөсүндө:** (кардарларга көрсөтүлүүчү кызматтардын түрлөрү жана сапаты боюнча кеңеш берүү; ар бир конокко жекече мамиле кылууну камсыз кылуу; меймандостук маданиятын жана тейлөө этикасын жайылтуу.)
- **Маалыматтык-коммуникациялык ишмердүүлүк чөйрөсүндө:** (компьютердик технологияларды жана брондоо системаларын колдонуу; кардарлар жана өнөктөштөр менен иштиктүү кат алышууларды жана сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү; кесиптик ишмердүүлүктө чет тилдерин колдонуу; кызматтарды алдыга жылдыруунун заманбап ыкмаларын (интернет, социалдык тармактар, CRM-системалар) колдонуу.)

- **Ишкердик ишмердүүлүк чөйрөсүндө:** (меймандостук чөйрөсүндө өздүк ишти уюштуруу; көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу.)

## 6. НКБПны ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫНА КОЮЛУУЧУ ТАЛАПТАР

**6.1. ОКББ НКБПны өздөштүрүүнүн натыйжалары боюнча компетенциялар**
100105 «Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу» адистиги боюнча бүтүрүүчү негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттарына жана кесиптик ишмердүүлүктүн милдеттерине ылайык төмөнкү компетенцияларга ээ болушу керек:

**а) жалпы компетенциялар (ЖК):**

- **ЖК1.** Өзүнүн ишмердүүлүгүн уюштура билүү, кесиптик милдеттерди аткаруунун методдорун жана ыкмаларын тандоо, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалоо;
- **ЖК2.** Көйгөйлөрдү чечүү, стандарттык жана стандарттык эмес кырдаалдарда чечим кабыл алуу, демилгелүүлүк жана жоопкерчилик көрсөтүү;
- **ЖК3.** Кесиптик милдеттерди натыйжалуу аткаруу, кесиптик жана жеке өнүгүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды издөөнү, чечмелөөнү жана колдонууну ишке ашыруу;
- **ЖК4.** Кесиптик ишмердүүлүктө маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу.
- **ЖК5.** Командада иштей билүү, кесиптештер, жетекчилик жана кардарлар менен натыйжалуу баарлашуу;
- **ЖК6.** Команда мүчөлөрүнүн (кол алдындагылардын) иши жана аларды жумуш ордунда окутуу үчүн, ошондой эле тапшырмалардын аткарылышынын натыйжасы үчүн жоопкерчиликти алуу;
- **ЖК7.** Өзүнүн жеке жана кесиптик өнүгүүсүн башкаруу, кесиптик ишмердүүлүктөгү эмгек шарттарынын жана технологиялардын өзгөрүүсүнө ыңгайлашуу;
- **ЖК8.** Чакан жамааттар менен уюштуруучулук-башкаруу иштерин жүргүзүүгө даяр болуу;
- **б) кесиптик ишмердүүлүктүн негизги түрлөрүнө ылайык кесиптик компетенциялар (КК):**
  **Мейманкана кызматтарын брондоо:**
- **КК1.** Керектөөчүлөрдөн буйрутмаларды кабыл алуу жана аларды тариздөө;
- **КК2.** Брондоо, керектөөчүгө брондоо жөнүндө маалымдоо жана документтерди жүргүзүү;
  **Конокторду кабыл алуу, жайгаштыруу жана чыгаруу:**
- **КК3.** Конокторду кабыл алуу, каттоо жана жайгаштыруу;
- **КК4.** Конокко маалымат берүү жана мейманканалык жана туристтик кызматтарды көрсөтүү боюнча келишимдерди түзүүгө катышуу;
- **КК5.** Коноктор менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү, конокторлун кетүүсүн жана аларды узатууну уюштуруу;
- **КК6.** Түнкү аудит процессин жана нөөмөт аяктагандан кийин иштерди өткөрүп берүүнү координациялоо.
  **Жашоо процессинде конокторду тейлөөнү уюштуруу:**
- **КК7.** Жайгаштыруу кызматтарын, кошумча кызматтарды көрсөтүүдө, номерлерди жана кызматтык жайларды жыйноодо чарбалык кызматтын тейлөөчү жана техникалык персоналынын ишин уюштуруу жана көзөмөлдөө;
- **КК8.** Номерлерде тамактандыруу кызматын (room-service) уюштуруу жана аткаруу;

- **КК9.** Мейманкананын жана туристтик комплекстин жабдууларын жана инвентарларын эсепке алууну жүргүзүү;
- **КК10.** Жашоочулардын буюмдарынын жана баалуулуктарынын сакталышын камсыз кылуу үчүн шарттарды түзүү;

**Мейманкана продуктусун сатуу:**

- **КК11.** Мейманкана кызматтарына болгон суроо-талапты аныктоо, калыптандыруу жана сатууну стимулдаштыруу;
- **КК12.** Көрсөтүлүүчү мейманкана кызматтарынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн баалоо;
- **КК13.** Маркетинг комплексин иштеп чыгууга жана маркетингдик изилдөөлөрдү жүргүзүүгө катышуу;

**Персоналды башкаруу:**

- **КК14.** Мейманкананы же туристтик комплексти зарыл болгон кесиптердин, адистиктердин жана квалификациянын кызматкерлери менен толуктоого катышуу;
- **КК15.** Типтүү документтердин негизинде мейманкананын же туристтик комплекстин кадрдык документтерин иштеп чыгууга жана тариздөөгө катышуу;
- **КК16.** Мейманкананын же туристтик комплекстин тейлөөчү жана техникалык персоналынын квалификациясын жогорулатуу боюнча иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө, ошондой эле алардын кесиптик компетенттүүлүгүн баалоого катышуу.

## 7. БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРДҮН ЖАЛПЫ МАДАНИЙ КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫНЫН ӨНҮГҮШҮН КАМСЫЗ КЫЛГАН КОЛЛЕДЖДИН СОЦИАЛДЫК-МАДАНИЙ ЧӨЙРӨСҮНҮН МҮНӨЗДӨМӨСҮ

«Чет тилдер жана компьютердик системаларды программалоо» колледжи Нарын мамлекеттик университетинин ректорунун 2020-жылдын 23-июлундагы № 01-12/301а буйругу менен түзүлгөн, НМУнун түзүмдүк бөлүмү, ошондой эле орто кесиптик билим берүүнүн окуу-өндүрүштүк мекемеси болуп саналат. С. Нааматов атындагы НМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2019-жылдын 28-июнундагы №3/3 протоколунун чечими жана «Лицензия берүү жөнүндө» буйруктун негизинде Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан 2020-жылдын 21-июлунда берилген **«Билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүү укугу жөнүндө»** буйругунун негизинде иш алып барат.
Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Лицензиялоо кецешинин чечиминин (2020-жылдын 21-июлундагы №566/1 протоколу) жана КР Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 21-июлундагы №С2020-0007 буйругунун негизинде, орто кесиптик билим берүү ишмердүүлүгү 4 багыт боюнча жүргүзүлүп келген. 2024-жылдын 13-майындагы КР Билим берүү жана илим министрлигинин №349/1 буйругу менен билим берүү ишмердүүлүгүнө лицензия кайра каттоодон өтүп, №2023-0054 каттоо номери менен 5 багыт боюнча иш алып барууга уруксат берилген.

«Чет тилдер жана компьютердик системаларды программалоо» колледжинде окутуунун инновациялык методдору жана инсанга багытталган технологиялары ийгиликтүү киргизилген. Студенттердин ар тараптуу өнүгүүсү үчүн социалдык-маданий чөйрө жана жагымдуу шарттар түзүлүп, бул билим берүү процессинде социалдык-маданий факторлорду жөнгө салууга, адеп-ахлактык, жарандык жана жалпы маданий сапаттарды чындоого өбөлгө болууда.

Колледждин маданий жана коомдук турмушу студенттердин эстетикалык табитинин өсүшүнө, көркөм чыгармачылыкка аралашуусуна, маданияттын бардык тармактарында жана коомдук турмушта активдүү катышуусуна шарт түзүүдө. Бул багытта студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, коомдук уюмдардын ишине катышуу, спорттук жана чыгармачылык клубдарга мүчө болуу, студенттик изилдөө коомдорунун ишине аралашуу сыяктуу иш-аракеттер кеңири колдоого алынууда.

**7.1. Эмгек рыногундагы орду (позициясы) боюнча ОКББ НКБПнын артыкчылыктары жана өзгөчөлүктөрү**

100105 «Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу» орто кесиптик билим берүү адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүргөн бүтүрүүчү төмөнкүлөргө даяр:

- жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасын өздөштүрүүгө;
- тийиштүү профиль боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасын тездетилген программалар боюнча өздөштүрүүгө.

**7.2. Билим алуучулардын укуктары**

Билим алуучулар төмөнкүдөй укуктарга ээ:

- ОКББ НКБПнын алкагында өзүнүн жеке билим берүү траекториясын калыптандырууга;
- билим берүү программасынын мазмунун жана сапатын баалоого катышууга;
- өзүнүн адамдык кадыр-баркынын сыйланышына;
- өзүнүн көз караштарын жана ишенимдерин эркин билдирүүгө;
- колледж администрациясынын буйруктарына жана тескемелерине Республиканын мыйзамдарында белгиленген тартипте даттанууга;
- Колледждин ишмердүүлүгүнө тиешелүү маселелерди талкуулоого жана чечүүгө, анын ичинде студенттик өз алдынча башкаруу органдары аркылуу катышууга;
- китепканаларды, маалыматтык ресурстарды акысыз колдонууга;
- тийиштүү деңгээлдеги билим берүү программасын ишке ашырган башка окуу жайына которулууга.

## 8. ОКББ НКБПНЫ ИШКЕ АШЫРУУДА БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИНИН МАЗМУНУН ЖАНА УЮШТУРУЛУШУН ЖӨНГӨ САЛУУЧУ ДОКУМЕНТТЕР

Бул ОКББ НКБПны ишке ашыруудагы билим берүү процессин уюштуруу төмөнкүлөр менен жөнгө салынат: окуу планы; окуу дисциплиналарынын жумушчу программалары; билим алуучуларды даярдоонун жана тарбиялоонун сапатын камсыз кылуучу материалдар; окуу жана өндүрүштүк практикалардын программалары; жылдык календардык окуу графиги, ошондой эле тийиштүү билим берүү технологияларын ишке ашырууну камсыз кылуучу методикалык материалдар. (Веб-сайттарга шилтеме: www.nsu.kg https://itc.nsu.kg, http://176.126.164.235/profile/turizm/ )

**1.1. Окуу процессинин графиги** Окуу процессинин графиги билим берүү процессин ишке ашыруу тартибин жөнгө салат жана орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын курамдык бөлүгү болуп саналат. (1-тиркемени караңыз. Окуу процессинин графиги).

**1.2. Модулдук иштерди аткаруу графиги** Модулдук иштерди аткаруу графигинде окуу планында көрсөтүлгөн дисциплиналардын кредиттерине жараша студенттердин аралык аттестациясынын мөөнөттөрү көрсөтүлөт. (2-тиркемени караңыз. Модулдук иштерди аткаруу графиги).

**1.3. ОКББ АДИСТЕРИН ДАЯРДООНУН ОКУУ ПЛАНЫ**

Окуу планы компетенциялардын калыптанышын камсыз кылуучу НКБП блокторун өздөштүрүүнүн логикалык ырааттуулугун чагылдырат (1-таблицаны караңыз. 100105 Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу адистиги боюнча ОКББ НКБПнын компетенциялар матрицасы). Дисциплиналардын, практикалардын жана мамлекеттик аттестациянын жалпы эмгек сыйымдуулугу зачеттук бирдиктерде, ошондой эле алардын жалпы жана аудиториялык эмгек сыйымдуулугу кредиттерде жана сааттарда көрсөтүлөт (3-тиркемени караңыз. 100105 Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу адистиги боюнча окуу планы).

ОКББ адистерин даярдоо боюнча окуу планы төмөнкү окуу циклдерин изилдөөнү карайт:

**ОО.1.** Жалпы билим берүүчү дисциплиналар;

**ОКББ.3.** Математикалык жана табигый-илимий цикл (Базалык бөлүк);

**ОКББ.4.** Кесиптик цикл (Базалык бөлүк);

Дене тарбия;

Практикалардын түрлөрү;

Мамлекеттик аттестация.

Ар бир дисциплиналар цикли базалык (милдеттүү) жана вариативдик (профилдик) бөлүккө ээ. Вариативдик (профилдик) бөлүк базалык дисциплиналардын мазмуну менен аныкталуучу билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү кеңейтүүгө же тереңдетүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Ар бир дисциплина (модуль) жана практика үчүн окуу ишинин түрлөрү жана аралык аттестациянын формалары көрсөтүлгөн. Компетенттүүлүк мамилени ишке ашыруу билим алуучулардын кесиптик көндүмдөрүн калыптандыруу жана өнүктүрүү максатында атайын окуу аудиторияларында (лингафондук кабинет, интерактивдүү доскасы бар аудиториялар, компьютердик класстар) сабактарды өткөрүүнүн активдүү жана интерактивдүү формаларын окуу процессинде кеңири колдонууну карайт.

**Жумуш ордунда окутуу.**

**Чет тилдери жана компьютердик системаларды программалоо колледжинин** багытындагы студенттеринин өндүрүштүк практикасы жана жумуш ордунда иш орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет.

1. ЖОО студенттер теориялык окуу процессинде алган билимдерин бекемдөө жана тереңдетүү, тандаган адистиги боюнча зарыл болгон билгичтик, көндүмдөрдү жана практикалык иш тажрыйбасын өздөштүрүү болуп эсептелет. Жумуш ордунда окутуу жана даярдоодо өзүнүн адистиги менен таанышууну, адистиктин өзгөчөлүгүн түшүнүүнү, өзү тандаган кесип/адистик/багыт боюнча адис кандай экенин көрсөтүүнү өзүнө камтуу менен төмөнкү формаларда ишке ашырылат: иш берүүчүлөрдүн конок лекциялары, кесиптер жарманкелери, фестивалдар, параддар жана башка иш-чаралар.
2. Студенттерди жумуш ордунда окутуу жана даярдоо орто кесиптик билим берүү адистиктери боюнча Мамлекеттик билим берүү стандартына (ГОС СПО) ылайык жүргүзүлөт жана иш берүүчүлөрдүн ортосунда эки тараптуу же үч тараптуу келишимдер түзүлөт.

**Жумуш ордунда окутуу процесси** түздөн-түз төмөнкүлөрдү камтыйт:

- кесипти/адистикти/багытты жана тиешелүү жумуш ордун өздөштүрүү тармак, адистик жана жумуш орду жөнүндө кириш маалыматтарды чогултуу максатында кыска мезгилге жумуш орду менен өз ара аракеттенүү, ал төмөнкү формаларда ишке ашырылат: жумуш ордуна экскурсиялар, мастер-класстар, волонтердук, окуу-таанышуу практикасы ж.б.;

- кесипке/адистикке/багытка тартуу жана жумуш орду менен өз ара аракеттенүү- адистикти, жумуш ордун кыйла терең түшүнүү жана кесиптик көндүмдөрдү өнүктүрүү, ал төмөнкү формаларда ишке ашырылат: жумуш ордунда көчмө практикалык сабактар, окуу-өндүрүштүк комплекстерде, жабдылган лабораторияларда, окуу полигондорунда, устаканаларда окутуу, кесиптик конкурстарга, көргөзмөлөргө катышуу (калыстар тобу-иш берүүчүлөр), адистик боюнча окуу долбоорлору ж.б.;
- иш тажрыйбасына ээ болуу- жумуш орду менен узак убакыт аралыгында үзгүлтүксүз өз ара аракеттенүү, ал төмөнкүдөй формаларда ишке ашырылат: дуалдык окутуу, практика, стажировка, окуучулук ж.б.

**Практика** – колледжде теориялык окуу процессинде алынган билимдерди бекемдөө жана тереңдетүүгө, ошондой эле кесиптик иш менен байланышкан практикалык көндүмдөрдү жана компетенцияларды калыптандырууга багытталган окуу формасы. Ал кесиптик билим берүү программасынын ажырагыс компоненти болуп саналат жана студенттерге иш тажрыйбасын алуу мүмкүнчүлүгүн берет.

**Практиканын максаттары жана талаптары**

- Практиканын максаттары, көлөмү жана калыптандырылуучу компетенциялар мамлекеттик билим берүү стандарттарына, кесиптик стандарттарга жана компетенттүүлүк негизиндеги программага ылайык аныкталат.

**Практиканын негизги түрлөрү:**

- **Окуу практикасы** – баштапкы кесиптик көндүмдөрдү өздөштүрүү үчүн.
- **Өндүрүштүк/кесиптик/педагогикалык практика** – кесиптик көндүмдөрдү жана иш тажрыйбасын алуу үчүн.
- **Квалификация алдындагы практика** – кесиптик компетенцияларды калыптандыруу жана бүтүрүүчү квалификациялык ишке даярдоо үчүн. (4-тиркемени караңыз. Чет тилдери жана компьютердик системаларды программалоо колледжинин студенттеринин жумуш ордунда окутуу жөнүндө жобо)

***Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация.***

Бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо **милдеттүү** болуп саналат жана төмөнкү аттестациялык сыноолордун биринен же бир нечесинен турат:

- ✓ өзүнчө дисциплина боюнча жыйынтыктоочу экзамен;
- ✓ адистик боюнча жыйынтыктоочу междисциплинардык экзамен;
- ✓ мамлекеттик стандарттын талабына ылайык киргизилген бүтүрүү квалификациялык ишин коргоо.

Өзүнчө дисциплина боюнча жыйынтыктоочу экзамен студенттин окуу программасында каралган материалды өздөштүрүү деңгээлин аныктоого жана мамлекеттик стандарт менен белгиленген ушул дисциплинанын минималдуу мазмунун толук камтууга тийиш.

Адистик боюнча жыйынтыктоочу междисциплинардык экзамен өзүнчө дисциплиналардын мазмунуна коюлган талаптар менен катар адистик боюнча мамлекеттик билим берүү стандарты белгилеген бүтүрүүчүнүн жалпы компетенциялык талаптарын да эске алууга тийиш.

Мамлекеттик стандарттын талабына ылайык жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация мамлекеттик стандарт менен белгиленген компетенцияларды камтуу менен жыйынтыктоочу аттестациянын программасы окуу методикалык кеңешме тарабынан иштелип чыгып, студенттерге сунушталуу керек.

Бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоонун курамына кирген аттестациялык сыноолордун көлөмү жана түрлөрү адистик боюнча мамлекеттик билим берүү

стандарты менен аныкталат.
Жыйынтыктоочу аттестациянын курамына кирген аттестациялык сыноолор студенттин учурдагы көзөмөл же аралык аттестациянын натыйжалары менен алмаштырылбайт.
Бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоонун программасы колледждин негизги кесиптик билим берүү программасынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.
Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын программасы жыл сайын ушул адистик боюнча чыгаруучу предметтик-циклдик комиссиянын мүчөлөрү тарабынан иштелип чыгып, окуу методикалык кеңештин жыйынында каралгандан кийин колледждин окуу иштери боюнча директордун орун басары тарабынан бекитилет (4-тиркемени караңыз. Чет тилдери жана компьютердик системаларды программалоо колледжинин бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жобо)

## 9. ДИСЦИПЛИНАЛАРДЫН ЖУМУШЧУ ПРОГРАММАЛАРЫ

Дисциплиналардын окуу-методикалык комплекстери (ОМК) окуу планындагы бардык дисциплиналар үчүн колледждин директору тарабынан 2021-жылдын 15-сентябрында бекитилген НМУнун колледжинде орто кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасынын окуу-методикалык комплекси жөнүндө Жобого ылайык иштелип чыгат.

Приложение к Макету Государственного образовательного стандарта среднего профессионального образования Кыргызской Республики

## СТРУКТУРА
**основной профессиональной образовательной программы среднего профессионального образования**

| Структура основной образовательной программы среднего профессионального образования | | Объем основной образовательной программы и ее учебных циклов в кредитах | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 1 год 10 месяцев | 2 года 6 меся-цев | 2 года 10 месяцев | 3 года 6 меся-цев | 3 года 10 месяцев |
| Блок 1 | I. Общегума-нитарный цикл<br>II. Математический и естественно-научный цикл<br>III. Профессио-нальный цикл | 70-100(*) | 90-130 | 110-155(*) | 130-158 | 150-215(*) |
| | Физическая культура (по 2 часа в неделю в указанных семестрах) | 3-5 семестры | 3-6 семест ры | 3-6 семестр ы | 3-7 семест ры | 3-7 семестр ы |
| Блок 2 | Практика | 15-40(**) | 15-50 | 20-60(**) | 20-70(**) | 20-80(**) |
| Блок 3 | Итоговая государственная аттестация | 5-10 | 5-10 | 5-10 | 5-10 | 5-10 |
| Объем основной образовательной программы среднего профессионального образования | | 120 | 150 | 180 | 210 | 240 |

Примечание:

(*) для образовательных организаций в сфере культуры и искусства в учебном цикле "Профессиональный цикл" предусмотреть дополнительно 210 академических часов (7 кредитов);

(**) для образовательных организаций в сфере культуры и искусства в учебном цикле "Практика" предусмотреть 1200 академических часов (40 кредитов).